**Мугалимдердин милдеттери;**

– окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө үздөн-тү окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына баш иет;

– класста окуу жана тарбиялоо иштерин жүргүзөт;

– окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт;

– кесиптештери жана окуучулары менен бирдикте педагогикалык этиканын негизинде мамилешет;

– мектептин өнүгүүсүнүн негизги багыттарына активдүү катышат;

– мектептин иш кагаздарын өз убагында жана туура толтурат;

– педагогикалык кещештердин заседаниелерине, педагогикалык консилиумдарга, усулдук кещештин, кафедранын кеңешмелерине, усулдук семинарларга катышат;

– окуу планындагы мектеп компонентине ажыратылган сааттарды аныктоого жана аларды ишке ашырууга катышат;

– мамлекеттик стандарттагы билим беръъ программаларын, окуу пландарын ишке ашырат, окуучулардын окуу материалдарынын сапаттуу өздөштүрүүсүн камсыз кылат;

– окутуунун жаңы технологияларын жайылтуунун ишке ашырат;

– ата-энелер (алардын ордун басуучулар) менен байланыш түзөт;

-жогорку кесиптик дещгээлде сабактарды өтөт жана сабагынан жетишпеген, артта калган окуучулар үчүн консультацияларды уюштурат;

– окуучуларды олимпиадаларга жана конкурстарга катыштырууга даярдайт;

– класстардагы педагогикалык-психологиялык климаттын жакшырышына өбөлгө түзөт жана класс жетекчилерге педагогикалык жагдайдын жүрүшү боюнча кабарлайт;

– өз билим өркүндөтүү курстарына катышат;

– балдарды коргоонун талаптарынын сакталышын жана жашы жетпегендердин укуктарын, кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылат;

– билим берүү мекемесинин материалдык-техникалык базасынын, техникалык коопсуздук эрежелеринин, санитардык гигиеналык режимдердин талаптарынын сакталышын камсыз кылат жана окуучулардын эмгегин коргоого жооп берет;

– окуучулардын окуу жана окуу-методикалык адабияттар менен камсыз болуусун, алардын сарамжалдуу колдонуусун көзөмөлдөйт;

– билим берүү мекемесиндеги окуу процессинде жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүү мезгилдеринде бекитилген окуучулардын ден-соолугуна, коопсуздугуна тикеден-тике жекече жооп берет.